УДК 101.1:316.48

# СОЦИАЛЬНЫЙ КОНФЛИКТ В СОВРЕМЕННОЙ ФИЛОСОФИИ ИСТОРИИ

***А.Т. Качкынова***

Дается краткое определение понятию "социальный конфликт". Также говорится о том, что конфликт воспринимался в качестве одного из видов поведения субъекта в истории, а также как один из способов выражения исторического начала в человеке.

*Ключевые слова:* социальный конфликт; философия истории; категории; термин; дефиниция; понятие; историография.

# A SOCIAL CONFLICT IN MODERN PHILOSOPHY OF HISTORY

***A.T. Kachkynova***

Short determination is given to the concept social conflict, also the author in her says that the conflict was perceived as one of types of behavior subject in the history and one of methods of expression of the historical beginning in a man.

*Keywords:* social conflict; philosophy of history; category; term; definition; concept; historiography.

Тарыхый таанымдын философиясы менен методологиясында дайыма алардын каралуусу маанилүү катары кабыл алынып келген бир катар темалар бар. Тарыхый илимдин жана конкреттүү-тарыхый изилдөөлөрдүн теориясынын спецификалык бөлүгү болуп түшүнүктүк аппаратты өркүндөтүү эсептелет. Тарыхый түшүнүк өзүнө өткөн менен болгон диалогду орнотуунун бирден-бир ыкмасын камтып турат, анын натыйжасында аталган доор туурасындагы жаны маалыматты алуу мүмкүнчүлүгү пайда болот. Окумуштуулардын алгылыктуу иштерди алып бара турган бирден-бир түшүнүк катары "социалдык конфликт" түшүнүгү эсептелет.

Пайда болгон жана калыптанган жаны категорияларды пайдаланууда изилдөөчүнүн ойлому кыйла таасын чагылдырылат. Тарыхый билимдин тилдик берилишинин мааниси XIX-к. сонунда жана XX-к. башында берилген. Тарыхый түшүнүктөрдүн комплексин калыптандыруу зарылчылыгы туурасындагы корутундуга мисалы, 1914-жылы Н.М. Бубнов келген [1].

Түшүнүктүк аппаратты жакшыртуу XX кылымдын экинчи жарымында өзгөчө курч маселелердин бирине айланган. Мүнөздүү болгондой, тарыхый таанымдын методологиялык маселелерине арналган өзүнүн диссертациялык изилдөөсүндө Н.П. Французова "Тарыхта ал тургай жеке терминология жок" деп баса белгилеген [2]. Болжол менен ошол эле мезгилде аталган маселе батыш тарыхый илиминде күн тартибине коюлган. Л. Февр менен М. Блок XX кылымдын экинчи жарымындагы тарыхчынын түшүнүктүк аппараты илимийлүүлүктүн критерийлерине ылайык келген эмес деп айтышкан. Л. Февр байкагандай, 1960-70-жылдары изилдөөчүлөр колдонушкан түшүнүктөр кыйла байыркы келип чыгууга ээ болушуп, эбак эле эскирип калган: "Кызыгууну жараткан нерсе бүгүнкү күнү биз оор, басмырлаган, жараксыз кылымдардын түпкүрүнөн келген метафоралар боюнча туруктуу түрдө талашып-тартышып келебиз" [3].

Түшүнүктөр менен иштөөгө болгон кызыгуунун жоктугу ар кыл багыттар менен улуттук мектептерге таандык болгон тарыхый изилдөөлөрдө байкалат. АКШнын XX кылым аралыгындагы тарыхый илиминин өнүгүүсүнүн алдынкы тенденциясы болуп адистешүүгө болгон далалаты эсептелет. С.И.Жук баса белгилегендей америкалык историографиянын спецификасы болуп 1960-70-жж. эпистемологиялык революциядан кийин пайда болгон спецификалык жаргондун "илимий көркөмдүүлүк" эсептелет.: "Бүгүнкү күнү АКШнын илимпоздорунун арасындагы олуттуу талаш-тартыштарды алардын тар адистешкен топторунун чегинен тышкары элестетүүгү мүмкүн эмес деп айтуу жетиштүү" [4].

1996-жылы А.А. Искендеров өзүнүн прогнозунда баса белгилегендей: "XXI кылымдагы тарыхый илимге тарыхый таанымдын процессинде

маанилүү ролду ойногон жана олуттуу деңгээлде анын өнүгүүсүнүн абалын, деңгээлин мүнөздөгөн өзүнүн түшүнүктүк аппаратын өркүндөтүүгө олуттуу көңүл буруууга туура келет. Тилекке каршы, заманбап илимпоз ээлик кылган илимий түшүнүктөрдүн, категориялардын, терминдердин жана дефиницийлардын топтому кыйла чектелүү жана жакыр эле болбостон, эч өркүндөтүлгөн эмес. Анын үстүнө бул жаңы тарыхый окуялар менен процесстерди чагылдырып, заманбап түшүнүктөрдү кеңири колдонуу менен тарыхчылар тарыхты заманбап мезгилге жакындатышып, тарыхый материалды даяр формулаларга, принципиалдуу баа берүүлөргө жана корутундуларга алып келишет. Идеалда тарыхчыга ар бир тарыхый доор менен анын тилинде сүйлөшүүнү үйрөнүп, ага таандык болгон түшүнүктөр менен терминдердин системасын пайдаланат. Ушундай учурда гана ал доордун рухун, өзгөчөлүктөрүн жана анын спецификасын түшүнүп, туура өткөрүп бере алат” [5].

Демек, XX-кылым аралыгында историографияда бир нече жолу баса белгиленгендей, жеке түшүнүктүк аппараттын жоктугу өзүнө олуттуу методологиялык кемчиликти камтып турат. Андан тышкары, изилдөөчүлөрдүн билимдердин жеке тармагынын түшүнүктөрү менен иштөөсүнө болгон жетишсиз кызыгуусу да баса белгиленген. Бирок аталган тармактагы тарыхый илимдин абалына изилдөөчүлөр тарабынан кандай баа берилет? Кесипкөй илимпоздордун жеке билимдер тармагындагы түшүнүктөрү жана категориялары тууралсындагы көз караштарын И.Л. Зубова изилдеген. Ал өзүнүн эмгектеринен биринде баса белгилегендей: “Кырдаалдын парадоксалдуулугу кризистик абал жүз жылдан ашуун аралыгында анын илимий статусун жалпылоого болгон олуттуу аракеттер көрүлгөн учурдан баштап жаңылануусунда турат” [6].

Белгилей кетүүчү нерсе, илимийлүүлүктүн критерийлерине ылайык келүүчүлүк түшүнүктүк аппараттын өркүндөтүлүүсүн түшүндүрөт. Анын манилүүлүгү П.Вен тарабынан баса белгиленген: “тарыхтын илимийлүүлүгүн тактоо – курулай эле кеп эмес, андыктан “илим” – жогорулатылган сөз эмес, ал так термин, тажрыйба көрсөтүп тургандай сөздөр тууралсындагы талаш-тартыштарга болгон көңүл коштук адатта предмет тууралсындагы адашуулар менен коштолот” [7].

Түшүнүктүк аппараттын өнүгүүсүндөгү мамилелерге болгон ачык мисал катары “социалдык конфликт” түшүнүгүн колдону кызмат кылат. Советтик мезгилдердеги коомдук илимдерде аталган түшүнүккө карата көптөгөн кызыгуулар жаралган, бирок ага талдоо жүргүзүүдөгү бир жактуулук кемчилиги болгон. Гуманитардык чөйрөнүн саясатташуусу тескери натыйжага алып келди: 1991-жылдан кийин философия менен тарыхтын көптөгөн илимий иштеп чыгуулары четке кагылып, жаңы багыттарга орун бошотуп берди. “Конфликт” түшүнүгүнө да мурдагыдан азыраак көңүл бурула баштады.

1990- жана 2000-жж. башталышында социология илими активдүү өнүгө баштаган. “Конфликт” түшүнүгү менен болгон иштер тарыхчылардын ишмердүүлүк чөйрөсүнөн кетип, социологдордун милдети катары гана кабыл алына баштаган. Түшүнүктүн өзү тарыхый эмгектерде байыркы жана ар тараптан таанылып билинген түшүнүк катары кабыл алына баштаса, диссертациялык иштер менен монографиялык адабияттарда тийиштүү талдоосуз жана аныктамасыз пайдалана башташкан. Ошол кездеги илим үчүн аныктаманын жоктугу 1950–80-жж. аталган тармактагы канондун учурунда (марксизм-ленинизм классиктеринин көз караштарынын жыйындысы) туура деп эсептелген. Бирок аталган ыкма биздин күндөргө канчалык жеткиликтүү?

Ар бир түшүнүк өзүнө таанымдын “каражатын” камтып турат. Социалдык конфликттер бирибиринен айырмаланып турушат, аларды окшоштурууга болбойт. Ушуга байланыштуу аталган тармактагы көптөгөн иштелип чыга элек маселелер тууралсында кеп кылууга болот.

Маалым болгондой, тарых философиясынын калыптануу мезгилинде социалдык конфликттерди талдоо ишине көп көңүл бурула баштаган. Конфликт тарыхтагы субъекттин жүрүм-турумдарынын бирден-бир түрү жана адамдагы тарыхый башталышты билдирүүчү ыкма катары кабыл алынган. Адамдардын ишмердүүлүгүндөгү конфликттин маани-маңызы албетте ар башкача каралган (Т. Гоббсто социалдык конфликтисин камтыган жалпылыкта, Г. Гегелде тарыхтагы өзгөчө жаратуучулук жана кыйратуучулук мезгилдерди чектөө, Н.И. Караевде тарыхты инсандардын ишмердүүлүгүнүн көз карандысыз продуктусу катары аныктоосу) [8].

Социалдык конфликти тарыхтын өнүгүүсүнүн бирден-бир аныктоочу фактору катары кароонун карама-каршылыгы болуп, мисалы, европа элдериндеги “адеп-ахлакты жеңилдетүү” болуп эсептелет. К.Маркстын тарых философиясында болсо (бирден-бир таасирлүү концепциялардын бири) аны түз эле тарыхый конфликтология катары кароого болот. А. Лоринин теориясы боюнча конфликт тарыхтагы бирден-бир негизги кыймылдаткыч катары кызмат кылат. П. Барт А. Лоринин концепциясын изилдөө менен анда таптык конфликттин догматы “башкаларга салыштырмалуу кыйла жапайы формасында байкалат” [9].

Социалдык конфликтти тарыхтагы индивидуалдык жана социалдык күчтөрдүн күрөшүнүн

негизги элементи катары кароого Н.И. Караевдин "Историология" аттуу китебинин өзүнчө бир бапы арналган [10]. Көрүнүп тургандай аталган тема Н.И. Караев тарабынан тарыхый илимдин теориясы үчүн эң жалпы жана зарыл деп таанылган.

Ошентип, бир катар себептерге карабастан тарыхый илимде 1950–80-жж. методологдордун көптөгөн иштеп чыгуулары XIX-сону XX-башында унуткарыла баштаган. 1990–2000-жж. изилдөөчүлүк багыттардагы басым дүйнөнүн постмодернистик картинасынын пайдасына жылышып кеткен. Изилдөөчүнүн түшүнүктүк аппараты азыркы мезгилде сөздөр кандайдыр-бир алдын алуучулук анализсиз эле кабыл алынуусуна байланыштуу талаптарга жооп бербей калды. Социалдык конфликт түшүнүгү өзүнө заманбап тарыхый илимдин өнүгүүсүнүн тенденциясынын таасын көрүнүшүн камтып турат.

Демек, социалдык конфликт – бул ачык карама-каршылык, социалдык бирдиктүү иш-аракеттердин эки же андан көп субъекттеринин (тараптарынын) кагылышуусу, алардын себеби катары бири-бирине шайкеш келбеген муктаждыктар, кызыкчылыктар менен баалуулуктар.

***Адабияттар***


1. *Бубнов Н.М.* Пособие по методологии истории / Н.М. Бубнов. Киев, 1914. 3-б.
2. *Французова Н.П.* Методологические и логические вопросы исторического познания: авт. дис. … д-ра филос. наук / Н.П. Французова. М., 1973. 4-б.
3. *Февр Л.* Бои за историю / Л. Февр. М., 1991. 31-б.
4. *Жук С.И.* Заметки о современной американской историографии / С.И. Жук // Вопросы истории. 1995. № 10. 162-б.
5. *Искендеров А.А.* Историческая наука на пороге XXI века / А.А. Искендеров // Вопросы истории. 1996. № 4. 28-б.
6. *Зубова И.Л.* Современное состояние исторической науки: о некоторых результатах поиска новых парадигмально-методологических ориентаций / И.Л. Зубова // Фигуры истории, или "общие места историографии". Вторые санкт-петербургские чтения по теории, методологии и философии истории. СПб., 2005. 57-б.
7. *Вен П.* Как пишут историю: опыт эпистемологии / П. Вен. М., 2003.
8. *Кареев Н.И.* Историология: теория исторического процесса. Пг., 1915. 199–212-б.
9. *Барт П.* Философия истории как социология / П. Барт. СПб., 1902. 307-б.
10. *Кареев Н.И.* Основные вопросы философии истории: критика историософических идей и опыт научной теории исторического прогресса: в 2 т. Т. I / Н.И. Кареев. М., 1883. 391-б.